кошумча булактардан пайдаланып өз алдынча тапшырмаларды, суроолорду даярдашы мүмкүн.

Жыйынтыктоочу (чейректик, жылдык) жалпы сынак иштерин жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде түзүлгөн, сунушталган суроолор пайдаланылат.

Баалоонун түрдүү ыкмаларынын колдонулушу окуучунун таанып-билүү ишмердүүлүгүнө ошол эле учурда мугалимдин окутуу ишмердүүлүгүнө өзүнүн оң таасирин тийгизет. Терең, чың, сапаттуу билим алуу инсандык сапатка байланыштуу, ар бир окуучу өзү жетишкен натыйжаларды жакшырта аларына бекем ишенүүсү маанилүү, окуучу дайыма билүүгө тийиш баалоо процессинде анын өзү эмес, аракети жана аткарган иши бааланат, анын окуусундагы кемчиликтери эмес ийгиликтери, жетишкендиктери белгиленет.

Окутуунун сапатын арттыруу үчүн ар бир өтүлүүчү сабактын максаты окуучунун позициясынан коюлушуу шарт жана аны баалоонун критерийлери реалдуу аракеттерге ылайык болушу керек. Баа коюуда мугалимдин калыстыгы, адилеттүүлүгү маанилүү, жакшы баа кандайдыр бир даражада окуучуну шыктандырат, аракеттерин өнүктүрүүгө мотивация берет. Бул окуучулардын өзүнө болгон ишенимин ойготуп, предмет боюнча алган билимин баалай алуусуна, ойлорун аргументтештирүүгө, алган баасына ынануусуна мүмкүндүк берет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Асанакунов Т.А., Мусаева В.И. Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. – Б., 2015
2. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык-практикалык маселелери. – Б., 2011
3. Выготский Л.С. Избранные психологические исследования. – М.,1968
4. Рысбаев С.К. Окуучунун сүйлөө, жазуу ишмердүүлүгү. – Б., 2014
5. Чыманов Ж.А. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Б., 2009
6. Чыманов Ж.А. Кыргыз тилин окутуунун теориялык жана практикалык негиздери. – Б., 2011

УДК: 370 (52)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-171-179

**Самаров Айбек**
И.Арабаев атындагы КМУ, педагогика кафедрасы, изденүүчү
**Самаров Айбек,**
КГУ им.И.Арабаева, кафедра педагогики, соискатель
**Samarov Aibek**,
KSU I. Arabaev, Department of Pedagogy, applicant

## ГЛОБАЛДАШТЫРУУ ПРОЦЕССТЕРИНИН ДООРУНДА ЯПОНИЯДА ЗАМАНБАП ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ

## СОВРЕМЕННОЕ ВЫСШЕЕ ОБРАЗОВАНИЕ ЯПОНИИ В ЭПОХУ ГЛОБАЛИЗАЦИОННЫХ ПРОЦЕССОВ

## MODERN HIGHER EDUCATION IN JAPAN IN THE ERA OF GLOBALIZATION PROCESSES

**Аннотация:** Макалада глобалдаштыруу маселесине, трилеммага түшүнүк берилет. Жалпы глобалдашуунун фонунда япон жогорку билим берүүсүнүн академиялык тармактагы көйгөйлөрү аныкталат. «Жапон синдрому» калктын ойлору менен экономикалык гүлдөп-өнүгүү мезгилинде «кармалып калган» учурунда каралат, бирок ал 80-жылдары эле аяктаган. Бул көйгөй Японияга гана эмес, башка көптөгөн өнүккөн өлкөлөргө да мүнөздүү. Бул макаланын негизги максаты академиялык жааттагы жалпы глобалдаштыруунун фонунда япон билим берүү системасынын көйгөйлөрүн белгилеп аныктоо болуп саналат. Билим берүүдө жана кадрларды даярдоодо жекеликтен жалпыга өтүүдө туюк айлампада калып калбаш үчүн эмне кылуу керек деген суроо жаралбай койбойт. Япониянын мисалы ушул багытта бара жаткан башка өлкөлөр үчүн да сабак боло алат.

**Аннотация:** В статье дается понятие проблеме глобализации, трилемме. Выявляются проблемы японского высшего образования на фоне общей глобализации в академической сфере. Рассматривается «японский синдром», когда население мысленно «застряло» в периоде экономического процветания, который, однако, окончился ещё в 80-х. Данная проблема характерна не только для Японии, но и для многих других развитых стран. Основной целью данной статьи является выявить проблемы японского высшего образования на фоне общей глобализации в академической сфере. Что же нужно сделать, чтобы не оказаться в замкнутом круге переноса частного на общее при образовании и подготовке кадров? Пример Японии может послужить уроком для других стран, которые движутся в похожем направлении

**Annotation:** The article gives the concept of the problem of globalization, the trilemma. The problems of Japanese higher education are revealed against the background of general globalization in the academic sphere. The «Japanese syndrome» is considered, when the population mentally «stuck» in a period of economic prosperity, which, however, ended in the 80s. This problem is typical not only for Japan, but also for many other developed countries.

**Негизги сөздөр:** жогорку билим, глобалдаштыруу, трилемма, коммерциалаштыруу, студенттер, «япон синдрому».

**Ключевые слова:** высшее образование, глобализация, трилемма, коммерциализация, студенты, «японский синдром».

**Key words:** higher education, globalization, trilemma, commercialization, students, «Japanese syndrome».

Азыркы дүйнөлүк система адам баласынын ишмердүүлүгүнүн ар кыл тармактарында жүрүп жаткан көптөгөн процесстердин жалпылуулугу менен мүнөздөлөт, айрыкча, глобалдаштыруу, интернационалдаштыруу, интеграциялоо, синхронизациялоо, гидридизациялоо сыяктуу процесстер таасирин тийгизген жогорку билим берүүнү модернизациялоо жөнүндө кеп болуп жатат.

Жогорку кесиптик билим берүү системасын өнүктүрүү маселелери боюнча изилдөөлөрдүн арасынан глобалдаштыруу көйгөйлөрү боюнча бир катар эмгектерди бөлүп көрсөтүүгө болот [1; 2; 3; 5]. А.В. Панибратцев Болон процессин жогорку билим берүүнү модернизациялоонун жана глобалдаштыруунун негизги жолу катары карайт [3], Д.А. Мещеряков билим берүүнү глобалдаштыруунун маселелерин жана жалпы европалык билим берүү мейкиндигин карап чыккан [2], В.М. Данильченко XXI кылымдагы глобалдаштыруунун жана билим берүүнүн көйгөйлөрүн изилдеген [1].

Билим берүүнү глобалдаштыруу деп, кесиптик билим берүүнүн билим берүү кызматтарынын тармагын кеңейтүү жана кесиптик билим берүүнүн адистештирүү, билим берүү деңгээли, окуу жай, студенттик сыяктуу чен-белгилер (критерийлер) боюнча дифференциацияланышын күчтөндүрүү процессин түшүнөбүз. Билим берүүнү глобалдаштыруунун негизги белгиси болуп, глобалдык дүйнөдөгү улуттук кызыкчылыктардын канчалык күчтүү экендиги саналат. Өзүнүн айырмалоочу өзгөчөлүктөрү мүнөздүү болгон жогорку билим берүүнүн улуттук системаларынын болгондугунан улам, улуттук билим берүү программаларын иштеп чыгууну жана ишке ашырууну билдирген жогорку мектепти интернационалдаштыруу процесси жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Бул программаларды башка өлкөлөр менен да алмашууга болот, алар башка өлкөгө билим алууга келип жаткан чет элдик студенттер үчүн кызыктуу болот, ошондой эле кызматкерлерди алмашууну жүргүзүүгө, биргелешкен илимий изилдөөлөрдү, иштелмелерди уюштурууга болот [19, 82-б.].

Биздин күндөрдө «глобалдаштыруу» деген термин көп учурда өзгөчө маани берилбестен, модага айланган, заманбап сөз катары колдонулат. А бирок япон жогорку билим берүү системасындагы 90-жылдардан бери жүрүп жаткан өзгөрүүлөрдү сүрөттөө үчүн бул түшүнүктүн тиешелүү өз орду бар. Контингент (окутуучулар жана студенттер), каржылык ресурстар (билим алууга жана изилдөөлөргө жумшалуучу акча каражаттары), ошондой эле билим берүү мекемелерине кайрыла турган болсок, анда алардын академиялык жааттагы өз ара мамиле-катыштары мурунтан бери эле улуттук чектерден чыгып, активдүү формаларга ээ болуп келет. Көп учурда чет жерден окумуштуулук даражасына ээ болгон адамдар, өзүнүн өлкөсүнөн тышкарыда суроо-талапка жооп берген адистердин катарын толукташат – бул билим берүүнү гана глобалдаштыруу эмес, ошондой эле жумушчу күч рыногун да глобалдаштыруу. Билим берүүнү глобалдаштыруунун дагы бир аспектиси коомчулуктун көңүлүн бурган жана Жождордун ортосундагы атаандаштыкты кызыткан, университеттердин эл аралык рейтингинин түзүлүшү болду.

Эске сала турган нерсе, өнүккөн өлкөлөрдүн жогорку билим берүү системасында 90-жылдардан тартып жүрүп жаткан дагы бир маанилүү өзгөрүү. Бул жогорку билим алуунун кеңири жеткиликтүүлүгү. Жождордо билим алууну улантып жаткандардын саны салыштырмалуу төмөн болгон европалык өлкөлөрдө да, акыркы жылдары алардын саны кескин жогорулады. Студенттердин көбү бакалавриат менен чектелбестен, магистр же илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу менен, өздөрүнүн адистешүүсүн тереңдетип келишүүдө. Жогорку билим алуунун мындай жайылтылышы глобалдык өзгөрүүлөр процессиндеги университеттердин арасындагы адистерди даярдоо боюнча жогоруда аталган атаандаштыкка карата реакция болуп саналат. Бул макаланын негизги максаты академиялык жааттагы жалпы глобалдаштыруунун фонунда япон билим берүү системасынын көйгөйлөрүн белгилеп аныктоо болуп саналат.

Биринчи, көзгө урунган нерсе – бул жогорку билим берүүнү глобалдаштыруунун дүйнөлүк процессинен алда канча артта калып жаткан япон университеттеринин атаандаштыкка туруксуздугу. Эмне үчүн университеттер бул жаатта ийгиликке эч жетише албай келишет? Бул суроого жооп берүү үчүн, 90-жылдардан тартып жалпы япон коомчулугу кандай көйгөйлөргө туш болуп жаткандыгын көрсөтүү зарыл. Бул жерде мындайча айтканда «япон синдрому» деген көрүнүш пайда болот, бул калктын тээ 80-жылдары эле аяктаган экономикалык гүлдөө доорунда ойлору менен «камалып калуусу». Ошондой эле биз бул

көйгөй Япония үчүн гана эмес, ошондой эле көптөгөн башка өнүккөн өлкөлөр үчүн мүнөздүү экендигине көңүл борборун бурат элек.

Япон жогорку билим берүү системасы туш болуп жаткан көйгөйлөрдү кеңири контекстте кароо үчүн, алгач экономикалык өнүккөн өлкөлөрдүн бул тармактагы жалпы дүйнөлүк маселелерине кайрылып өтөлү. Кеп жогорку билим берүү системасы менен мамлекеттин өз ара аракеттенүүсүнөн улам жаралган триллемма тууралуу болууда (Трилемма – бул эки шарт айкалышкан учурда үчүнчүсү аткарылбас болуп чыгат). Мамлекет жана билим берүүнүн байланышы жөнүндө айта турган болсок, бул шарттар төмөнкүлөр: билим берүүнүн сапатын колдоп кармап туруу, Жождорго тапшыруу учурундагы тең укуктуулук (жогорку билим алуунун жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу) жана мамлекеттик бюджеттен билим берүү мекемелерин туруктуу каржылоо. Ошентип, эгер биз жогорку билим алууну жеткиликтүү кылууну жана анын сапатын тиешелүү деңгээлде кармап турууну кааласак, анда мамлекет тарабынан бул багыттагы каржылоону олуттуу көбөйтүү кажет. Бирок акыркы шарт аткарылбаганда, башкача айтканда расмий каржылоо жетиштүү даражада жүргүзүлбөгөн учурда билим берүүнүн сапатын кармап туруу кыйын болот. Экинчи жагынан, эгер бул кырдаалда сапатка басым жасай турган болсок, анда билим алуунун жеткиликтүүлүгүн ишке ашыруу кыйла татаалдашат. Мамлекеттик каржылоону көбөйтпөстөн билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн көбөйтүүдө билимдин жогорку сапаты жөнүндөгү маселени унутуу керек. Башкача айтканда, биз көрүп тургандай, үч шарттын ичинен экөөнө акцент жасоодо, үчүнчү шарт аткарылбас болуп чыгат. Мына ушунун өзүндө жогорку билим берүү жана мамлекетке тиешелүү трилемманын маңызы жатат.

Мындай трилемма өнүккөн өлкөлөрдө жөн жерден тереңдеген жок. Биз жогоруда айтып өткөндөй, жумушчу ресурстарды даярдоо жаатындагы эл аралык атаандаштыктын фонунда жогорку деңгээлдеги окуу жайлардын ири санын түзүү, ошондой эле учурда иштеп жаткан факультеттердин билим берүү сапатын жогорулатуу зарылдыгы пайда болгон. Арийне, бул каржылоонун көлөмүнүн көбөйүшүн шарттайт, ал эми көпчүлүк өнүккөн өлкөлөрдө бул жаатта олуттуу көйгөйлөр бар. Мындай шарттарда ар бир мындай өлкөнүн алдында көрсөтүлгөн трилемманы чечүү тууралуу маселе турат.

Жогоруда белгиленген көйгөйлөрдүн чечимин издөөдө, мисалы, бардык Жождор мамлекеттик болуп саналган жана көп убакыт бою окутуу акысыз болуп келген Европа өлкөлөрү, эми барган сайын саны көбөйгөн жогорку окуу жайларын ким каржылашы керек деген суроого туш болушту.  Англияда бул көйгөйдү, акыркы жылдары улам өсүп турган окуу үчүн төлөм акыны кийирүү аркылуу чечүүгө аракет кылышты. Штаттардын өкмөттөрү каржылык кыйынчылыктарга туш болуп жаткан АКШда да, Түндүк Америкада жогорку билимди жайылтууда өзөктүү ролду ойногон, мамлекеттик Жождордо окуу үчүн төлөмдүн баасын жогорулатышкан. Европада акысыз жогорку билим берүүнү өжөрлүк менен колдоп келген өлкөлөр бар, бирок аларда да ким билим берүүнү каржылашы керек деген суроонун тегерегиндеги талаштар токтобой келет. Германиянын мисалын да айта кетүү керек, бул өлкөдө жогорку билим алуу үчүн акы төлөө киргизилгенден кийин, бүткүл өлкө боюнча козголоңдор көтөрүлгөн, жыйынтыгында бийлик студенттер менен компромисске барууга туура келген.

Япониядагы кырдаалды бул контексттен кароодо, трилемманы чечүүнүн япон өзгөчөлүктөрү менен катар анын аркасындагы көйгөйлөр чыга баштаган. Япония жогорку билим берүү жана мамлекет мамиле-катыштарындагы дал келбестиктерди университеттерди расмий каржылоону минимумдаштыруу жолу менен жок кылууну чечкен. Япон

студенттеринин болжол менен 80% жеке менчик Жождордо билим алышат. Бул учурда окуу үчүн төлөм акынын ири суммалары көпчүлүк учурда мамлекеттик гранттан эмес, үй-бүлөлүк бюджеттен бөлүнөт. Башкача айтканда япон жогорку билим берүүсүн, студенттердин үй-бүлөлөрүнүн каржылоосунан көз каранды болушкан, жеке менчик Жождор жайылтышат.

Европа өлкөлөрүнө салыштырмалуу, Япония ыкчам темп менен жогорку билимдин жеткиликтүүлүгүнө жол ачты. Жакындагы статистика боюнча, япон мектептеринин 50% көбү Жождордо окууларын улантышат, жана болжол менен 25% 2 жылдык колледждерге жана ар кандай профилдеги кесиптик окуу жайларга тапшырышат. Башкача айтканда бүтүрүүчүлөрдүн 75% орто жалпы билим берүүчү мектептен кийин билим алууларын улантуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. 2 жылдык колледждер жана училищалар да дээрлик жеке менчик окуу жай болуп саналышат. Ошентип, биз мамлекет минималдуу катышкан учурдагы мектептен кийинки билим берүү массалык мүнөзгө ээ болгон кырдаалды көрүп жатабыз [4].

Көйгөйдү чечүүгө карата япон мамилесинин өзгөчөлүгү мамлекеттик ресурстарды барган сайын аз тартуу менен жогорку билим берүүнү менчиктештирүүдөн жана коммерциялаштыруудан улам келип чыгат. 90-жылдардан тартып жогорку билим берүүнү жайылтуу Жождорду негиздөө стандарттарына карата мамлекеттин талаптарын жеңилдетүүнүн эсебинен улам жүргүзүлгөн, ал эми жеке менчик сектордо студенттерди тартуу үчүн жогорку атаандаштык уланып келген. Мунун баары – үй-бүлөлүк бюджеттен өтө катуу көз каранды болуунун фонунда. Башкача айтканда, жогорку билим алуу жеке өздүк пайда болуп санала баштады, ошондуктан ага жумшалуучу каражат да мамлекеттик эмес, жеке өздүк бюджеттен берилиши керек. Бул идеяны жетекчиликке алуу менен, Япония жогорку билим алууну массага жайылта баштаган.

Менчиктештирүү жана коммерциялаштыруу принциптерине негизделген, көйгөйлөрдү чечүү жогорку билим берүүнүн япон системасынын алдына олуттуу тоскоолдуктарды жаратууда, алсак: билим алуудагы теңдик жана билимдин сапаты.

Жаштарга билим алууну улантууда кеңири тандоону сунуштоо менен, Япония кыска убакытта жогорку билим алууну кеңири жайылтууга жетишкендигин танууга болбойт. А бирок жогорку билим алуу жеке менчик университеттер аркылуу жайылтылгандыктан, ар бир студенттин Жождо билим алууну улантуу жөндөмдүүлүгү түздөн-түз үй-бүлөнүн каржылык абалынан көз каранды болуп калды. Билим алуу үчүн төлөм акы көтөрүлө берди, мамлекеттик стипендиялар жетишсиз болуп, акыры мамлекет студенттин экономикалык жеңилдете алган жок. Натыйжа катары, жогорку окуу жайларда орундардын саны көбөйгөндүгүнө карабастан, мектептен кийинки билим алуудагы теңсиздик калууда.

Дагы бир олуттуу көйгөй – бул Жождордун санынын көбөйүшүнүн аркасынан, билимдин сапатынын төмөндөшү жаралды. Бул көрүнүш да жогорку окуу жайга жеке кызыкчылык катары мамиле кылуудан жана аны кеңири менчиктештирүүдөн келип чыгып, кырдаалды курчутуп жиберди.

Биринчиден, жеке менчик жодор үчүн начар каржылык база, демек, тиешелүү түрдө, окуу үчүн төлөм акыдан катуу көз каранды болуу мүнөздүү. Мындай шартта университет билим берүүнүн сапатын жогорку деңгээлде кармоону чечкен күндө дагы, окуусунан жетишпеген студентти окуудан четтетүү оңойго турбайт. Мындан тышкары, окутуучулардын эмгек маянасынан үнөмдөө үчүн көпчүлүк лекциялар чоң аудиторияларда өткөрүлөт. Ал эми көп сандаган студенттер аудиторияда болгон учурда окутуучу физикалык жактан жеке жетекчилик кылууну камсыз кыла албайт жана студентетредин ийгиликтерин көзөмөлдөй албайт. Анын үстүнө, көпчүлүк сабактар алдын-ала даярдыкты (лекциянын

материалдарын үйдөн окууну) камтыбайт. Жеке менчик билим берүү мекемеси Bennesse Corp. тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча, япон студенттеринин 73% жумасына 3 сааттан азыраак убактысын лекцияга даярданууга карата, өтүлгөн материалдарды кайталоого жана үй тапшырмасын аткарууга жумшашат. 20% сабактан тышкаркы убакта конспекттерин таптакыр ачышпайт. Өз алдынча окууга келе турган болсок, студенттердин 81% жумасына 3 саатка чейин кошумча окушат, ал эми 32% студенттер жүгүртмөдөгү предметтерден башка сабактарга катышышпайт. Ошентип, япон университети билимди тек гана лекция учурунда алууга боло турган жерге айланган [4].

Анын үстүнө, көпчүлүк Жождор студенттерге талап кылынган төрт жылдык окуунун ордуна үч жылдык гана окууну беришкен. Бул көрүнүш, үчүнчү курстун экинчи семетринен тартып студенттердин көпчүлүгү иш издөө менен алек болуп, окууга, лекцияларга катышууга убактысы жетпей баштагандыктан улап орун алып келет. Жеке менчик университеттер калыптанып калган кырдаалга сабырдуулук менен ыңгайлашууга гана аргасыз болушат. Себеби, университеттин аброю жумушка орношо алган бүтүрүүчүлөрүнүн санынан улам түптөлөт. Ошентип, абитуриенттердин санын белгилүү бир даражада кармап туруу үчүн жеке менчик университеттер студенттерге жумуш издөөдө тоскоолдук жаратпастан, тескерисинче бардык жактан колдоп турууга аргасыз. Ошондой эле мурда белгиленген себептер боюнча Жождорго баалоонун катуу системасын кийирүүгө кыйын, себеби бул учурда алар канааттандырбаган бааларга ээ болгон студенттерди окуудан чыгарууга туура келет, а мындай жагдай Жождор үчүн пайдасыз.

Эмне үчүн жумуш издөө сөзсүз билим алуу үчүн бекитилген убакыттын эсебинен болууга тийиш? Бул суроого жооп берүү үчүн, тарыхка кайрылып, Японияда жогорку билимге карата мамиле кантип калыптангандыгын көрүү керек. Мына ошондо «япон синдрому» деп аталган азыркы япон коомунун патологиясы эмне экендиги түшүнүктүү боло баштайт.

Япония 90-жылдардын башына чейин, табигый ресурстардын жоктугуна карабастан, жетишкен жана кармап турган экономикалык ийгиликти көп учурда кызматкерлердин жогорку деңгээли жана ошол кызматкерлерди туура уюштура билген ишканалардын чебер администрациясы менен байланыштырышат. Ошол убактарда жеке менчик сектордо туруктуу узак мөөнөттүү жумуш менен камсыз кылуу камсыздалган, ошондой эле ошол кызмат орду үчүн зарыл көндүмдөргө кызматкерлерди окутууга көп убакыт бөлүнгөн.

Жумушчулардын ишинин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн мындай система кыйла ийгиликтүү иштеп келген. А бирок ал айрым өзүнчө кызматкерлердин өндүрүмдүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатууга эмес, топтук натыйжага жетишүүгө көбүрөөк багытталган. Башкача айтканда, кызматкерлер конкреттүү тапшырма жана аны аткаруунун ыкмаларына жараша керектүү көндүмдөр менен камсыз кылынган батыш өлкөлөрүнөн айырмаланып, япондуктар кызматтык милдеттемелердин алкактары кыйла бүдөмүк, аларды аткаруу үчүн көндүмдөр так аныкталбаган, ал эми негизги басым топтук аракеттердин натыйжалуулугун жогорулатууга коюлган системаны түзүшкөн. Көрсө, ишкананын болочок кызматкери, негизи, өз ишинде кийин ага пайдалуу боло турган атайын билимдерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүүсүнүн кереги жоктой. Анткени, бул үчүн ал иштеп баштагандан кийин ага жетиштүү убакыт берилет.

Мындай шарттарда япон коомуна студент Жождо эмнени жана кантип өздөштүрө тургандыгы баары бир болуп калды. Жумушка кабыл алуудагы башкы чен-белги (критерий) болуп жумуш ордунда натыйжалуу окутууга карата жөндөмдүүлүк болду, тагыраагы ошол

эле OJT (On-the-job training). Мындай жөндөмдүүлүктөрдү аныктоонун ыкмаларынын бири – тигил же бул потенциалдуу кызматкердин кайсы университетке өтө алгандыгын карап көрүү. Бул жерде өзүнүн логикасы бар, мыкты Жожго тапшыруу үчүн кандай сапаттар зарыл? Эмгекчилдик, тапкычтык, ыкчам кабылдоо көндүмү – мунун баары кызматкерди жеринде окутууда да пайдалуу болот. Эгер бул көрсөткүчтөр жогору болсо, демек, кызматкерлерди окутуу оңой болот дегенди билдирет. Ошентип, ишканалар эң абройлуу ЖОЖдордун (окууга өтүү кыйын болгон Жождордун) бүтүрүүчүлөрүн жумушка алууга басым жасай баштады, бул алардын студенттери жогоруда айтылган көндүмдөрдүн бардыгынын жогорку деңгээли менен өзгөчөлөнөт жана аларды жеринде окутуу кыйын болбойт дегендиктен кабар берет.

Жумушчу кадрларды тарбиялоонун жана талапкерлерди тандоонун мындай системасы үч мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ. Биринчиден, ал ир ишканаларда гана натыйжалуу иштейт жана эркек кызматкерлерге багытталган. Бул учурда гана узак мөөнөттүү туруктуу жумуш менен камсыз болууну кепилдөөгө мүмкүн. Мындай мамиленин натыйжалуулугу туруктуу кызматкерлердин санынын кыскарышына пропорционалдуу төмөндөйт, бул болсо узак мөөнөттүү жана туруктуу жумушка алуу системасына коркунуч жаратууда. Ошондой эле OJTнын жыйынтыктары дайыма эле аялдарга же жумуш ордун алмаштырууну чечкен адамдарга, башкача айтканда, бир жерде үзгүлтүксүз калууга кызыкдар болбогон тараптарга карата колдонула бербейт.

Экинчиден, мындай система жумушчу күчтөрдүн ички рыногуна багытталган. Өлкөнүн чектеринен чыкпаган ички рынокто потенциалдуу кызматкерлер өздөштүрүлгөн көндүмдөрдүн сапаты боюнча эмес, окууга салыштырмалуу жөндөмдүүлүгү боюнча атаандашышкан. Компаниялар ийгиликтүү абройлуу Жождордун бүтүрүүчүлөрүн өздөрүнө тартуу үчүн кезекке турушкан сыяктанат, жана натыйжада потенциалдуу кызматкерлерди тандоонун башталышы университетте билим алып жаткан мезгилдин улам эрте мөөнөттөрүнө жыла баштаган. Студенттер өз учурунда тандоонун учурдагы шарттарына ыңгайлашууга жана жакшы жумуш ордуна табуу үчүн мурункуга караганда кыйла эртерээк жумушту активдүү издөөнү баштоого аргасыз болушту. Натыйжа катары, студенттер үчүнчү курстун экинчи семестринен баштап, жогорку билимдин бир жарым жылын курмандык кылуу менен, убактыларынын ири бөлүгүн жумушка орношууга арнай башташкан. Арийне, окуу сааттарынын мындай кыскарышы билим берүүнүн жалпы сапатына таасирин тийгизбей койгон жок, бирок япон студенттери өздөрүнүн казанында кайнап, бири-бири менен гана жарышып турганда, бул көйгөй көпкө чейин ийгиликтүү көз жаздымда калып келген. Эгер учурдагы кырдаалга жалпы коомдун көз карашынан карасак, анда, албетте, көп кемчиликтер орун алган. А бирок ар бир ишкана үчүн да, ошондой эле ар бир студент үчүн да жумушка орношуу менен аяктаган жумуш издөө процесси көп артыкчылыктарга ээ. Жыйынтыгында япон коомчулугу экономисттер жекечени бүтүнгө алып өтүүнү жаңылыштык деп аташкандыгына туш болушту.

Жумушка орноштуруу сезону башталды – студенттер лекцияларын таштап, жумушка орношуу үчүн аңгемелешүүгө шашылышат.

Япониянын жумушка алуу системасынын үчүнчү өзгөчөлүгү болуп абитуриенттердин абройлуу университетке тапшыруусу үчүн стимул түзүү болду, ал үчүн кирүү сынактарына жакшыраак даярдануу зарыл. Университетке тапшыруудагы атаандаштыктын өзү студенттердин окуусун баалоо системасы жана OJT кармалып турган кит болчу. Бирок азыр, 18 жаштагы калктын саны кыскарган, ал эми жеке менчик

Жождордун саны жогору бойдон калган учурда, айрым университеттерди эске албаганда, катуу атаандаштык маселеси өзүнүн актуалдуулугун жоготтуу, демек, мектеп окуучуларынын күч жумшап, аракеттенип окууга болгон стимулу да басаңдагандай. Жетиштүү каржылоо ала албаган жана студенттердин бджетине таянган жеке менчик Жождор башкысы окуу төлөмүн төлөй ала турган, баалары «ар кандай» абитуренттерди кабыл алууга аргасыз болушат. Эгер студенттердин бекитилген санын топтой албаса, Жож жөн гана каржылык себептерден улам иштей албай калат.

Глобалдаштыруу жана демографиялык өзгөрүүлөр да салтуу япон жумушка алуу системасындагы абалды да өзгөртө алган жок. Орто жана жогорку курактагы кызматкерлер үчүн жумушчу орундарын сактоо максатында кампаниялар штатына барган сайын азыраак сандагы жаштарды кабыл алышат. Айрым ишканалар кызматкерлерди туруктуу жумушчулар статусунан убактылуу жумушчулар статусуна, же болбосо туруктуу кызмат орундарын кошумча жумуш же эркин иш шарттамындагы жумуш статусуна өткөрүүнү практикалап жатышат. Мамлекет тарабынан жумушка алуу жөнүндөгү мыйзамды жеңилдетүү менен дал келген бул өзгөрүүлөр глобалдашкан экономикалык атаандаштыкт шарттарында эмгек акы жагынан ишканалардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу зарылчылыгы менен шартталган. Кырдаалдын күлкүлүү жери, учурда жумушка алуунун япон системасы кызамткерди жумушка алгандан кийин анын ишинин сапатына кепилдик бере албайт. Анын үстүнө экономиканы глобалдаштыруу ырааттуулук тартиби таандык болгон жумушка алуунун сымбаттуу ички япон системасын солгундатты жана солундатууда. Жогоруда айтылгандай, башка өнүккөн өлкөлөрдө квалификациялуу кадрлардын билими акырындап аспирантура тарапты көздөй жылууда. Башкача айтканда жогорку билим берүү узак мөөнөттү камтып, тереңирээк боло баштады. Япон университеттери, япон ишканалары менен биргеликте, 4 жылдык толук жогорку билим берүүнү да камсыз кыла алышпай жатат. Өздөштүрүлгөн билгичтиктерге жана көндүмдөргө артыкчылык берилген доордо, Япония бул тармакта анчалык жакшы эмес абалда болгондой. Бул төмөндөөнү түшүнгөн учурда да калыптанып калган системаны өзгөртүүгө мүмкүн эмес.

Бул «япон синдромунун» маңызынын өзү эмей эмне. Дүйнөлүк аренадагы глобалдык өзгөрүүлөргө туруштук бере албаган абалда болуу менен, Япония өзүнүн ичинде гана мурункудай атаандаштыкка карата – бирок эми мурунку артыкчылыктарсыз, аракеттенүүнү улантып келүүдө. Эгер бул «япон казанын» сыртынан көз салып карап көрсөк, салттуу мамиленин кемчиликтери алаканга салгандай көрүнүп турганы турган. А бирок аны алмаштырууга да, четке кагууга да мүмкүн эместей. Ал эми ансыз да аз болгон мамлекеттик каржылоонун барган сайын начарлап бараткан кырдаалынын фонунда абал көнүл кубантарлык эмес жана эч кандай өзгөрүү күтүлбөйт.

«Япон синдромунун» белгилери, бирок, Япониядан тышкарыда да байкалып келет. Айрыкча билим берүүгө келе турган болсок, билим берүүдөгү мамлекеттин ролун азайтууга карата аракеттер анын барган сайын көбүрөөк менчиктешүүсүнө жана маркетизацияланышына алып барат. Ал эми Япония чечимдердин рационалдуулугу жана ар бир индивиддин билим алуудагы жүрүм-туруму билим алуунун сапатынын жогорулашына жана билим алууда тең салмактуулукка такыр кепилдик бербестигинин ачык мисалы болуп саналат. Тескерисинче, жакындан караганда, ыкчам жеке пайда үчүн гана болгон күрөштө билимдин сапаты аксайт, жана баары үчүн бирдей шанс тууралуу кеп да болбойт. Билим берүүдө жана кадрларды даярдоодо жекеликтен жалпыга өтүүдө туюк айлампада калып

калбаш үчүн эмне кылуу керек деген суроо жаралбай койбойт. Япониянын мисалы ушул багытта бара жаткан башка өлкөлөр үчүн да сабак боло алат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Данильченко В.М. Глобализация и образование в XXI веке // Высшее образование сегодня. - 2004. - No 3. - С. 44-57.
2. Мещеряков Д.А. Глобализация образования и общеевропейское образовательное пространство // Философия образования. 2007. No 1. С. 72-90.
3. Панибратцев А.В. Глобализация и проблемы высшего образования в России // Научный вестник МГТУ ГА. 2014. № 203. С.49-55.
4. Kariya Takehiko Credential inflation and employment in 'universal' higher education: enrolment, expansion and (in)equity via privatisation in Japan // Journal of Education and Work, Vol. 24, Nos. 1–2, 2011, pp. 69–94.
5. Rezaei H. (et al.) Internationalization or globalization of higher education // Journal of education and health promotion. 2018. Vol. 7, Issue 8. DOI: http://doi.org/10.4103/jehp.jehp_25_17

УДК: 37.047
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-179-184

**Сманбаев Ө. А.**
И.Арабаев атындагы КМУ, педагогика кафедрасы, педагогика илимдеринин доктору, профессордун м.а
**Сманбаев О. А.**
КГУ им.И.Арабаева, кафедра педагогики, доктор педагогических наук, и.о. профессора
**Smanbaev O. A.**
KSU I. Arabaev, Department of Pedagogy, doctor of pedagogical sciences, Acting Associate Professor

# ОКУУЧУЛАРДЫН КЕСИПТИ КОМПЕТЕНТТҮҮ ТАНДООГО ДАЯРДЫГЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ
# ФОРМИРОВАНИЕ ГОТОВНОСТИ УЧАЩИХСЯ КОМПЕТЕНТНОМУ ВЫБОРУ ПРОФЕССИИ
# FORMATION OF STUDENTS' READINESS FOR A COMPETENT CHOICE OF PROFESSION

**Аннотация:** Макалада коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартындагы мектеп окуучударын компетенттүү кесип тандоого даярдоонун теориялык негизи каралаган каралган.

**Аннотация:** В статье рассмотрена теоретические основы подготовки учащихся к компетентному выбору профессии в условиях социально-экономического изменения общества

**Annotation:** The article considers the theoretical foundations of preparing students for a competent choice of profession in the context of socio-economic changes in society**.**

**Негизги сөздөр:** тарбиялоо, кесип, кесип тандоо, кесиптик багыт берүү, даярдык, компенттүүлүк, компетенция, кесиптик компетенттүүлүк.